DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2022

*Шакирбаева Б.Ш. Көкөева А.М.*

# ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЗОРДУК-ЗОМБУЛУКТУН АЙЫНАН КЕЛИП ЧЫККАН КЫЛМЫШТУУЛУКТУН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА АНЫ АЛДЫН АЛУУ

*Шакирбаева Б.Ш. Көкөева А.М.*

# ПРИЧИНЫ ПРЕСТУПНОСТИ В РЕЗУЛЬТАТЕ БЫТОВОГО НАСИЛИЯ И ЕЕ ПРОФИЛАКТИКА

*B. Shakirbaeva, A. Kokoeva*

# THE CAUSES OF CRIME AS A RESULT OF DOMESTIC VIOLENCE AND ITS PREVENTION

*УДК: 34.343*

*Бул макаланын максаты азыркы учурда көйгөй болуп жаткан турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү зордук-зомбулуктун айынан келип чыккан кылмыштуулук акыркы жылдары маанилүү (актуалдуу) маселелрге айланып жаткандыгында. Ошонун айынан үй-бүлөдө ур-токмокко кабылган аялдар жана жаш балдар көп кездешип жатат. Ур-токмокко алынгандардын айынан келип чыккан зордук-зомбулукка кабылгандарга укук коргоо органдарынын реакциясы көп учурда жетишсиз жана эффективдүү болбой жатат. Жогоруда айтылгандардын алдын алуу, мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана күчөтүүлөрдү киргизүү керектиги көргөзүлгөн. Анын ичинде кылмыштуулуктун укуктук жактан изилдөөнүн маанилүү суроолорун талдоо болуп саналат. Макаланы талдоодо жалпы жана атайын, илимий анализ, синтез, статистикалык усулдар аркылуу ишке ашырылган. Макаланын жыйынтыгында учурдагы зордук-зомбулукка кабылгандарга мамлекет тарабынан чара колдонуусу керектиги айтылат. Аялдарга кандай жардам көргөзүү керек. Чаралардын жыйынтыгы эмнеге алып келинет деген суроолор туулат. үй-бүлөлөдө зомбулуктун айынан келип чыккан кылмыштуулуктун алдын алуу жана мамлекет тарабынан чараларды көрүү.*

***Негизги сөздөр:*** *эмоциялык зомбулук, манипуляция, физикалык зомбулук, санариптик, эксперт.*

*Цель данной статьи – осветить тот факт, что насилие в семье, являющееся проблемой в настоящее время, в последние годы стало актуальным вопросом. В результате женщины и маленькие дети чаще подвергаются побоям в семье. Реагирование правоохранительных органов на жертв похищений часто бывает неадекватным и неэффективным. Показано, что вышеуказанное следует предотвратить, а также внести изменения и усиления закона. Это включает в себя анализ важных вопросов в юридическом исследовании преступности. Анализ статьи проводился общим и специальным, научным анализом, синтезом, статистическими методами. В результате статьи правительство может принять меры против нынешних жертв насилия. Как помочь женщинам. Возникает вопрос, каковы будут результаты этих мер.*

***Ключевые слова:*** *эмоциональное насилие, манипуляции, физическое насилие, цифровое, экспертное.*

*The purpose of this article is to highlight the fact that domestic violence, which is currently a problem, has become a topical issue in recent years. As a result, women and young children are more likely to be beaten in the family. Law enforcement responses to victims of abductions are often inadequate and ineffective. It is shown that the above should be prevented and that changes and strengthening of the law should be introduced. This includes analyzing important issues in the legal study of crime. The analysis of the article was carried out by general and special, scientific analysis, synthesis, statistical methods. As a result of the article, the government may take action against current victims of violence. How to help women. The question arises as to what the results of the measures will be. Prevention of domestic violence and government action.*

***Key words:*** *emotional violence, manipulation, physical violence, digital, expert.*

***Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук*** – үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн экинчи үй-бүлө мүчөсүнө карата жасаган чектөө, башкаруу максатын көздөгөн, укуктары менен эркиндиктерин кысымга алган, денесинин, же психикасынын жабыр тарткан аракеттер болуп саналат.

Турмушта көп учураган, мындай мамилелерде көптөгөн адамдар, айрыкча, жаш балдар, аялдар кабылышат, бирок ачык айта алышпайт. Мамилелерде сүйүү ишеним, өнөктөштүк жок болуп, алардын ордунда башкаруу, кыйноо болуп саналат. Мындай мамилелер бир адамдын экинчисине болгон кемсинтүүсү, келекелөөсү, чектөөсү менен мүнөздөлөт.

Азыркы учурдагы үй-бүлөдөгү зомбулук маселеси коомдогу оор, терс маселе катары Кыргызстанда эле эмес, дүйнө жүзүндө да көйгөйлүү проблемалардын бири болуп бара жатат. Биз көп учурда элдин абалына, жашоо деңгээлине, билимине, коомго карата көз карашына, мамлекеттин өсүп-өнүгүшүнө байланыштырып келебиз.

Нике жана үй-бүлө жубайлардын, ата-энелердин, балдардын жана башка туугандардын ортосундагы өз ара мамилелердин негизги жөнгө салгыч катары келип чыккан социалдык-моралдык аракеттин эң маанилүү чөйрөлөрүнүн бири болуп саналат.

Коомдук турмушта үй-бүлөнүн ролу, аларга ылайык адамдык – адептик таламдар, коомдук мамилелердин системасы, ошондой эле жалпысынан адамзат цивилизациясынын өнүгүшүнүн деңгээли менен аныкталат.

1. Эксперттердин айтымында, зордук-зомбулуктун сегиз түрү бар [1, 6].
2. Эмоционалдык зомбулук же манипуляция.
3. Психологиялык зордук-зомбулук.
4. Оозеки зордук-зомбулук.
5. Физикалык зордук-зомбулук.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



6. Сексуалдык зордук-зомбулук.
7. Экономикалык зордук-зомбулук.
8. Санариптик зордук-зомбулук.

Зордук-зомбулуктун ар бир түрүнүн өзүнүн ар башкача белгилери бар. Кыянаттыктын ар бир түрү олуттуу көйгөй болуп саналат.

Көпчүлүк адамдар ден соолукка коркунучтуу мамилелердин үлгүлөрүн, уруп согуу, денесине залал келтирүү, айрыкча, узак мезгилдерден бери, же бир нече адамдар тарабынан кандайдыр бир зордук-зомбулукка кабылгандарды айырмалай албай келишет.

***Эмоционалдык зордук-зомбулук,*** кимдир бирөө башка бирөөнү акылсыз же эч нерсеге жарабаган адамдай сезүү үчүн бир нерсе сүйлөгөндө же кылганда болот. Көпчүлүк үй-бүлөлөрдө күйөөсү аялына кайда жүрөсүң? Ким менен жүрөсүң? - деген эпсиз суроолорду берүүнүн натыйжасында пайда болот.

Эмоционалдык оору – мамилелерде кеңири жайылтылган нерсе; мамилелердеги уруштарга, же жагымсыз окуяларга жооп катары терс эмоцияларды сезүү-адамга мүнөздүү.

Бирок, сезимдерге, ойлорго жана эмоцияларга өнөктөш дайыма коркунуч туудуруп жаткандыгын сезүү ден соолукка зыян алып келет.

Эмоциялык кыянаттык – сезимдерди билдирүү укугунан баш тартуу. Бул адамдын эң маанилүү баалуулуктарын жана ишенимдерин бузуу, же шылдыңдоо.

***Психологиялык зордук-зомбулукту*** аныктоо кыйын, анткени, ал эч кандай заттык далилдерди келтирбеген кыянаттык менен колдонууну камтыйт.

Бул кимдир бирөө көзөмөлгө алуу үчүн жеке адамга карата коркутуу, коомчулукка аралаштырбоо, сурак алуу, ымдоо-жаңсоо, мимика аркылуу ызалантуу, таарынтуу, негизсиз эле сындоо, өлтүрүп коем деп коркутуу, кемсинтүү жана коркуу сезимдерин колдонгондо болот. Психологиялык зомбулук эмоционалдык, же оозеки кордоонун элементи катары киргизилиши мүмкүн.

***Оозеки зордук-зомбулук*** – бул кимдир бирөө жабырлануучуга зыян келтирүү үчүн, жазуу жүзүндө, же оозеки түрдө тилди колдонгондо пайда болот.

Мындай зордук-зомбулук көп жолу жашыруун түрдө жасалып келсе дагы, кээде зордук-зомбулук көрсөткөн адамдар коомдук жайларда, же үй-бүлөсүнүн жана досторунун көзүнчө оозго алгыс жаман сөздөрдү айтышат.

Жүрүм-туруму ар кандай болушу мүмкүн: ал кичинекей жана кайталанган комментарийлер, же жабырлануучунун кадыр-баркын түшүрүүгө аракет кылган катуу кыйкырыктар болушу мүмкүн.

Зордук-зомбулуктун бул түрү эмоционалдык жана психологиялык мүнөздөмөлөргө жана сигналдарга окшош.

***Физикалык зомбулук*** көрсөткөн адам денесинин бир бөлүгүн, же бир нерсени жабырлануучуну уруп-соксо, же түртсө, үйдөн чыгарбаса, же үйгө киргизбесе, тамак ичирбесе, эс алууга же уктоого жолтоо кылган аракеттерди колдонгондо болот. Адатта, жабырлануучунун денесинде көзгө көрүнгөн издер бар: кесилген жана көгөргөн жерлер көп кездешет.

Бирок, башка курмандыктар башкаларга кошулганда, чачын жулуп, чаап, тепкилеп, тиштеп, муунтуп, муштум жана башка. . .

Узак мөөнөттөгү зомбулук физикалык жана психикалык көйгөйлөргө алып келиши мүмкүн, мисалы, депрессия, жүрөктүн абалы, дем алуу органдары, жаракат алуудан кийинки стресс, тынчсыздануу жана мээ жаракат.

***Сексуалдык зомбулук – бул адам*** кандайдыр бир сексуалдык иш-аракеттерге алардын макулдугусуз катышууга мажбур болгондо болот. Ага дененин интимдик бөлүктөрүнө эркке каршы тийүү, зордуктоо же башка макул болбогон сексуалдык аракеттер кириши мүмкүн.

***Экономикалык зомбулук –*** бул зордук-зомбулуктун мындай түрү кимдир бирөө сиздин шериктешиниздин каржылык ресурстарын сиздин макулдугунузсуз көзөмөлдөйт, же ошол ресурстарды туура эмес пайдаланган учурда болот.

Экономикалык зомбулукка дуушар болгон аялдын күйөөсү каражатты жөнү жок көзөмөлдөйт, билим алууга, иштегенге уруксат бербейт. Жада калса көчөгө чыкканга да уруксат бербей коюшат.

***Санариптик зордук-зомбулук –*** бул түрү өнөктөштү куугунтуктоо, артынан түшүрүү же коркутуу үчүн билдирүүлөрдү жөнөтүү жана социалдык тармактар сыяктуу технологияларды колдонууну камтыйт.

Көп учурда мындай жүрүм-турум онлайн режиминде жүзөгө ашырылган оозеки же эмоционалдык зомбулуктун бир түрү болуп саналат.

Санариптик зомбулуктун айрым белгилери төмөнкүлөрдү камтыйт:

– Электрондук каражаттар аркылуу терс билдирүүлөрдү, кемсинтүүлөрдү же коркутууларды жөнөтөт.

– Жабырлануучунун кайда жүргөнүн билүү үчүн ар кандай технологияны колдонот.

– Ошону менен бирге жабырлануучунун телефонун тез-тез текшерип турат, сүрөттөрдү, билдирүүлөрдү жана чалууларды текшерип турат.

Адам укуктарынын жалпы декларациясынын преамбуласында көргөзүлгөндөй: адам зомбулукка жана эзүүгө каршы көтөрүлүүгө аргасыз болбошун камсыз кылуу максатында адам укуктары мыйзамдын күчү менен корголууга тийиш экендигин эске алуу менен, жана элдердин ортосунда достук мамилелер-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дин өнүктүрүүгө көмөктөшүү зарыл экендигин эске алуу керек [2, 2].

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык «Үй-бүлө - коомдун негизи. Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат», - деп белгилейт [3, 1. 20-ст.].

Атаны, энени урматтоо жана камкордук көрүү – балдардын ыйык парзы.

«Балдар – Кыргыз Республикасынын эң баалуу байлыгы. Мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене-бой жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу шарттарды түзүү менен аларды мекенчилдикке жана атуулдукка тарбиялайт», - деп так даана көргөзүлгөн. Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын баш мыйзамына ылайык: «Ар бир адам – ажыратылгыс жашоо укугуна ээ. Адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна кол салууга жол берилбейт. Эч кимдин өмүрү өзүм билемдик менен кыйылышы мүмкүн эмес. Өлүм жазасына тыюу салынат. Ар бир адам өзүнүн өмүрүн жана ден соолугун, башка адамдардын өмүрүн жана ден соолугун зарыл болгон коргонуу чегинде укукка каршы кол салуудан коргоого укуктуу», - деп так даана айтылган [4, 1. 25-ст.].

Статистика боюнча үй-бүлөдөгү зомбулуктун курмандыктарын 97%ы аялдар жабыркап келишет.

Жогорку соттун судьясы Гүлбара Калиеванын айтымында, «Көпчүлүк учурда аялзаты таптакыр чыдабай калганда, же айла жоктон ооруканага түшкөндө, милиция келип сураганда гана айтып, анын арызын алышат», - дейт.

Башкы прокуратуранын маалыматтары боюнча 2021-жылдын 1-кварталында эле Кыргызстанда аялдарга карата зомбулуктун 2141-фактысы катталган. Ал иштердин 79% токтотулган. Үйүндө кордук көргөн адам, же болбосо зомбулукка учураган адам ички иштер органдарына кайрылышат. Жазык процессуалдык мыйзамы боюнча эксперттин корутундусунун негизинде, төмөнкү айтылгандардын негизинде кылмыш иши козголот.

Айрым адамдардын арызы болгондо, ошондой эле эгерде жабырлануучуга, күбөгө же процесстин башка катышуусуна, же алардын жакын туугандарына, жубайына зордук-зомбулук же башка мажбурлоо же мыйзамсыз аракеттер жасалды деп болжогон негиздер болгон учурда, алардын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен тергөө аракеттерин жүргүзүүгө уруксат берет [5, 3. 212-ст.].

Эгерде жазык иши жана коркунучтуулугу аз жосундар жөнүндө иш боюнча төмөнкүлөрдү аныктоо зарыл болсо, соттук экспертизаны дайындоо жана жүргүзүү милдеттүү болуп саналат:

– өлүмдүн себебин;

– ден соолукка келтирген зыяндын мүнөзү жана деңгээли [6, 3.171-ст.2-п.].

Эми ошол зордук-зомбулукка учураган аял келип арыз жазат. Анын эмне себептен зомбулукка учураганын, кай жерине кандай зыян келгенин билиши үчүн эксперттерге жиберет. Экспертизанын корутундусу бир жуманын ичинде чыгат. Ошого карап экспертизанын жыйынтыгынын негизинде иш козголот. Ошол убакытта аял бир жуманын ичинде кандай коркунучта болушу мүмкүн. Кордукка кабылган аялдарга медициналык, материалдык да жардам көргөзүлбөй келет.

Аялдардын укук коргоо органдарына кайрылбашынын көп кездешкен себептери болуп милицияга ишенбөөчүлүк, милиция баары бир эч нерсе кылбайт деген болжолдуу ой. Жардам сурап кайрылбай койгондун кесепетинен кээде кайгы (трагедия) менен аяктап жатат. Ошол себептен зордук зомбулуктун айынан келип чыккан иш козгоону күчөтүү керек.

Зомбулук муундан-муунга өтүшү ыктымал. Себеби, зомбулукту көргөн жаш балдар муну кадимки көрүнүш катары кабыл алышы мүмкүн. Мажбурлоодо жашаган аялды жаап, жашыруу, үйдө жолдошу тарабынан кордук көрүп жатса маани бербей коюу. Бул аялы да же болбосо тууганы да деп. Ошол көрөр замат укук коргоо органына кайрылуу керек. Бир көйгөйлүү маселе жапа чеккен аялдарга тартип органы чара көрбөгөнү, түз даттануу үчүн механизмдердин жоктугу, психологиялык жардамдардын жоктугу канча кылмышка алып барууда.

Азыркы учурда аялдардын зордук-зомбулукка учурашынын биринчи кезекте өлкөдөгү экономикалык абал, алардын сабатынын жетишсиздиги да болуп жатат.

Мунун эң негизги тамыры болуп-үй-бүлөдөгү тарбия. Эгерде бала кичинесинен үйүндө зордук-зомбулукту көп көрсө, ата-эне бири-бирин токмоктошсо, баланын психологиясы, тарбиясы бузулат. Кийин ошол бала кайра ошол адатты колдонушу мүмкүн.

Өнүккөн өлкөлөрдө аялдардын укуктары дээрлик жакшы корголот. Себеби, ал жакта аял өзүн-өзү багып кете алат. Аял өзүн кадыр-баркын сезе алат. Ал жакта аялдарга ар кандай шарттар түзүлгөн. Биздин өлкөдө да аялдарга шарт түзүшүбүз керек. Материалдык жардам, моралдык же болбосо психологиялык жардамдар көргөзүлүшү керек.

Аялзатынын туулганынан баштап эле эркек баланын алдындагы ага бир аз басынтуу менен жасалганы көрүнүп турат. Кордук көргөн аялдардын айынан ар кандай кылмыштарга барган аялдар көбөйүп баратканы шек жаратпайт.

ИИБгы ушулардын айынан аялдардын кылмыштуулугу өткөн жылдарга салыштырмалуу быйыл 20 пайызга өскөнүн айтып чыкты. Кылмыштарга аралашкандардын басымдуу бөлүгү 30 жаштын тегерегиндеги кыз-келиндер. Буга үй-бүлөлүк көйгөйлөр себеп болууда дешет.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Соңку мезгилдерде уурулук, жеңил кылмыштар эмес, оор кылмышка да аралашкан аялдардын саны арбыган. Сойкулук, адам өлтүрүү, кафе-ресторанда ичип мас болуп, жаңжал чыгаргандардын үстүнөн арыз жазгандар да болгон. Кылмыштуулуктун арбын болуп баратканын психологдор экономикалык абал менен да байланыштырат.

Кыйынчылыктан, айрыкча, айыл жерлеринде жумуштун жоктугунан кредит алып, кайра төлөөгө алы жете электер кылмышка аралашып жатат. Учурда үй-бүлөлүк көйгөйлөрдүн көбүн аял чечет. Мындай мезгилде ар кандай абалга кабылып, бирок жардам көрсөтчү адамдын жоктугу да себеп болууда. Өмүр жолдошу да көмөк көргөзүүнүн ордуна ажырашуу жолун тандап жатат. Турмуш-тиричиликтин айынан талаалап кетип, балдары кароосуз калып, ар кимдин колунан кордук көрүп жаткандардын саны да көбөйүүдө. Ошону менен бирге тарбия да жакшы болбой кылмышка да барып жатышат.

Ош облусунда 60 жаштын тегерегинде күйөөсү аялынын мойнуна машинанын дөңгөлөгүн коюп, ур-токмокко алды жана бетине суу чачып ургулады. Аялы эч кандай арыз доомат койгон жок.

Андан кийин эле Бишкек шаарынын көчөлөрүндө күйөөсү ур-токмокко алып, бетине тепкиледи. Анын да аялы эч кандай доомат койгон жок. Буларды камерага тартылып калып билинип калды, ал эми эч ким билбей көмүскөдө калгандары толтура.

Кыргыз Республикасынын үй-бүлө мыйзамында «үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз укуктарын жүзөгө ашырышы жана өз милдеттерин аткарышы үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү менен башка жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу таламдарын бузбашы керек», - деп жазылган [7, 4,8-беренсинде].

Үй-бүлөлүк зомбулукту жоюш үчүн эмне кылуу керек? эң биринчи кезекте үй-бүлөдөгү тарбияны жакшыртышыбыз керек. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза мыйзамында өмүргө жана ден соолукка коркунучтуу зомбулуктуу колдонуу менен коркутуу, эгерде аны жүзөгө ашыруудан коркуу үчүн жетиштүү негиз болсо 1 жылга чейин эркиндигинен ажыратылат, же болбосо айып төлөөйт [8, 5,139-б., 1-п.].

Дагы эң негизги себеби ата-энелердин өз кыздарын эрте эле турмушка берүүсү. Алар учурда айланасындагылардын басымынан улам зордук-зомбулук болуп жатканын айтышпайт, өздөрү да кээде түшүнбөй калышат.

Ошондой эле зордук-зомбулук көргөзгөн адамдарга мыйзамдуу негизде жоопкерчиликти күчөтүшүбүз керек. Жоопкерчиликти күчөтпөсөк кылмыштуулук азайбайт.

Батыш өлкөлөрүнөн терс таасир тийгизген кинолору. Социалдык тармактардын ар түрлөрү жана оюндар да чоң таасир берип жатат. Аларды туурап биздин менталитетке туура келбеген иштерди жасап жатышат. Аларды да көзөмөлдөш керек.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2021-жыл 5-май №59.
2. Адам укуктарынын жалпы декларациясы.
3. Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодекси 2022-жыл 18-январь №4.
4. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси 2020 17-август №135.
5. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси 2022-жыл 18-январь №4.
6. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө мыйзамы. 2020-жылдын 15-апрель. №41.
7. Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жана укук тартиби. Статистикалык жыйнак. 201-2018. - Бишкек, 2019.
8. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси 28-октябрь 2021-ж. №123 мыйзамы менен күчүнө кирген.
9. Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 5-майы №60 мыйзам менен абыл алынган “Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө” мыйзамы.
10. Лопушанский Ф.А. “Предупреждение семейно-бытовых правонарушений”. М., 1989.
11. Кудайбергенов Е.С. “Криминологическая характеристика тяжких насильственных преступлений в сфере семейно-бытовых отношений” автореферат диссертации кандидатат юрид. наук:12100.08. Е.С. Кудайбергенов. Алматы, 2008.
12. Жусупов Б.А., Шакирбаева Б.Ш. Актуальные вопросы правонарушений в сфере быта. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 10. С. 46-48.